**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**АЛГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЛГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Бириккен Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин АТР дин уюштуруу сессиясынын**

## ТОКТОМ №1

Алга айылы 22.02.2024-жыл

Бириккен Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду бекитүү тууралуу.

“Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлде пилоттук режимде администртивдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрдагы № 370 жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдык-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону жетекчиликке алып.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бириккен Молдо Нияз айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө 2024-жылдын 22-февралындагы №1 протоколу бекитилсин.

2. Бириккен Молдо Нияз айыл аймагынын Кыргыз-Кыштак айылдык кеңешинин төрагасы К. Машрапов шайланган төрагасы болуп таанылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **А. Жумаев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Бириккен Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин АТР дин уюштуруу сессиясынын**

**ТОКТОМ №2**

Алга айылы 22.02.2024-жыл

**Бириккен Молдо Нияз айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду бекитүү тууралуу.**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлде пилоттук режимде администртивдик-аймактык реформа жүргузүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрдагы № 370 жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдык-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону жетекчиликке алып.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

4. Бириккен Молдо Нияз айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө 2024-жылдын 22-февралындагы №1 протоколу бекитилсин.

5. Бириккен Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары **Арынова Рахима Туйгуновна жана Коргонбаева Урматхан Зулпуновна** шайланган төраганын орун басарлары болуп таанылсын.

6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **К. Машрапов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ |  | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышын кезексиз 2-сессиясы**

**ТОКТОМ № 3**

Кыргыз-Кыштак айылы 07.03.2024-жыл

**“Молдо Нияз айыл аймагын айылдык кеңеши” мекемеси айылдык кеңешин түзүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, талкуулап, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” ПЖ №370 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февраль “Айыл аймактарынын денгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө”№52 токтомун, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы “пилоттук режимде административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндөгү №24 жарлыгы, Кыргыз Республикасынын жарандык кодекси 92 беренеси “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана Кырыгыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды “ (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинин мекемеси”, “Кыргыз-Кыштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин мекемеси” жана “Совет айыл аймагынын айылдык кеңешининин мекемеси” бириктирүү жолу менен “Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин мекемеси ” болуп кайра түзүлсүн.

Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: **“Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши”** мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение **“Айылный кеңеш Молдо Нияз”**

2. “Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин типтүү регламенти бекитилсин. (тиркеме тиркелет).
3. “Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин убактылуу жобосу бекитилсин. (тиркеме тиркелет).
4. Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы Баткен облусу Кадамжай району Молдо Нияз айыл аймагы Алга айылы Кожо Аманов көчөсү №2 болуп аныкталсын.
5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага:** **К. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышын кезексиз 2-сессиясы**

# ТОКТОМ № 4

Кыргыз-Кыштак айылы 07.03.2024-жыл

**“Молдо Нияз айыл аймагы” мекемесин түзүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, талкуулап, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” ПЖ №370 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февраль “Айыл аймактарынын денгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө”№52 токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды “ (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Молдо Нияз айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “Алга” айыл өкмөтү мекемеси, “Кыргыз-Кыштак” айыл өкмөтү мекемеси жана “Совет” айыл өкмөтү мекемеси бириктирүү жолу менен “Молдо Нияз айыл аймагы” мекемеси болуп кайра түзүлсүн.

Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:
- Мамлекеттик тилде: “Молдо Нияз айыл аймагы” мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение “Айылный аймак Молдо Нияз”
- Кыскартылган фирмалык аталышы:
- Мамлекеттик тилде: “Молдо Нияз айыл аймагы”
- Расмий тилде: Учреждение “ Айылный аймак Молдо Нияз

2. “Молдо Нияз айыл аймагы” мекемесине өткөрүп берүү актысы бекитилсин. (тиркеме тиркелет).

3. Молдо Нияз айыл аймагы” мекемесинин Жобосу бекитилсин.

4. Молдо Нияз айыл аймагы” мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы. Баткен облусу Кадамжай району Молдо Нияз айыл аймагы Алга айылы Кожо Аманов көчөсү №2 болуп аныкталсын.

5. Мекеме Кыргыз Респуликасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодан өткөрүлсүн.

*Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.*

**Төрага:** **К. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы

**Кыргыз-Кыштак айылы** **ТОКТОМ № 5** **07.03.2024-жыл**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жаңы туруктуу комиссияларын түзүү жөнүндө.**

Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жаны туруктуу комиссияларын түзүү максатында Молдо Нияз айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Алга айылдык кеңешинин жаңы туруктуу комиссиялары төмөнкүдөй болуп бөлүштүрүлсүн.

**1. Регламент депутаттык этика жана мандат, жарандардын укугун, кызыкчылыктарын жана мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо боюнча:**

1. Мамадимаров Дамирбек Мамыржанович – комиссиянын төрага
2. Нурбаева Угулхан Мажитовна –төраганын орун басары
3. Жумаев Азим Баймурзаевич
4. Мадаминов Хуснидин Баходыржонович
5. Сазанова Эктибар Абдамитовна
6. Атаназарова Шахзада Кадыровна
7. Курбанбекова Тазагүл Жигиталиевна
8. Муминжан уулу Мурзакмат
9. Исаев Суюнбек Торобекович
10. Матазимов Нурали Камбаровичке
11. Жунусова Жанара Джанышовна

**2. Социалдык маселелер, спорт жана маданият боюнча:**

1. Досатов Жанболот Мамасыдыкович - комиссиянын төрагасы
2. Эназарова Бурул Доврановна- төраганын орун басары
3. Полотов Сайпидин Сабырович
4. Сабиржан уулу Самариддин
5. Диканова Гулчевер Турсуновна
6. Курбанов Нүзүпбек Топчубаевич
7. Батыркулов Элчибек Давлетович
8. Урустамова Сайдана Абдувалиевна
9. Миталипов Абабакир Мийманович
10. Джахбаров Гайнахужа Юлдашхужаевич

**11.** Атамов Асилбек Каримович

**3. Экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча**

1. Кулмаматова Зулхумар Машраповна- комиссиянын төрагасы
2. Абдиллаев Жолболду Махмутович - төраганын орун басары
3. Абдижалилов Азамат Юсупжанович
4. Маматалиева Бузаргул Имаровна
5. Камчыбек кызы Айпери
6. Эргашов Данияр  Джалилович
7. Досатов Соор Наринович
8. Коргонбаев Шайырбек Кутманович
9. Парпиев Нурланбек Бөрүбаевич
10. Музраимова Айнагүл Мамасадыковна
11. Абдивалиев Азамат Имамалиевич
12. Ахматалиева Ранахан Сайдоморовна
13. Джахбаров Юлдашхужа Каландарович

**4. Жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча:**

1. Тагаева Райхан Тайкараевна – Комиссиянын төрайымы
2. Абдиллаев Тимурлан Махмутович- төрайымдын орун басары
3. Абдиева Алма Нажимидиновна
4. Нурматов Ташмамат Маназарович
5. Атаназаров Макситали Мамажанович
6. Азимжан уулу Назарбек
7. Жигитов Куштарбек Максыталиевич
8. Исмаилов Алишер Мухаммаджанович
9. Коймуратова Урозгуль Мамасыдыковна
10. Салиев Исраил Курбаналиевич
11. Аширалиев Кабылжан Имаровичке
12. Одилов Раушонжон Кадирович
13. Жусупов Абдисаттар Кулмаматович

2. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмолдөө жагы Регламент  жана мандат, социалдык маселелер, жарандардын укугун кызыкчылыктарын жана мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага:** **К. Машрапов**

| КЫРГЫЗСКАЯРЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

## Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы

### ТОКТОМ № 6

Кыргыз-Кыштак айылы 07.03.2024-жыл

**Молдо Нияз айыл аймагына караштуу Кыргыз-Кыштак, Кайтпас, Бүргөндү ОПХ, Бүргөндү ПМК, Кожокорум, Ак-Тилек жана Умай-Эне айылдарынын тамарка жер жана айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн (Кз) зоналык коэффициент өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Молдо Нияз айылдык кеңеши күн тартибиндеги маселе боюнча мурдагы Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн салык бөлүмүнүн башчысы Т.Досатовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айылдык кеңеши

### ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Молдо Нияз айыл аймагына караштуу Кыргыз-Кыштак, Кайтпас, Бүргөндү ОПХ, Бүргөндү ПМК, Кожокорум, Ак-Тилек жана Умай-Эне айылдарынын тамарка жер жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерди пайдалануудагы жер аянттарынын (Кз) зоналдык коэффициенти салык кодексинин 404-беренесине ылайык, 1,5 өлчөмдө бекитилсин.
2. Молдо Нияз айыл аймагына караштуу Кыргыз-Кыштак, Кайтпас, Бүргөндү ОПХ, Бүргөндү ПМК, Кожокорум, Ак-Тилек жана Умай-Эне айылдарынын айыл чарбасы багытында эмес жерлердеги, пайдаланылбай жаткан жер аянттарынын баштапкы (Кз) зоналдык коэффициенти 1,5өлчөмүндө бекитилсин.
3. Үй-жанындагы короо жай багбанчылык-чарбак жер участокторуна (тамарка) салык кодексинин 298-беренесинин негизинде 1 сотикке 15 сом өлчөмүндө бекитилсин.
4. Салык кодексинин 411 беренесине негиз төмөнкү катергориядагы жарандарга тамарка салыгынан 0,15 га чектик өлчөмүндө жеңилдиктер колдонулсун:
   - Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучулары, мамлекеттер аралык макулдашуулар боюнча Афганистандагы жана башка өлкөлөрдөгү согушка катышкан аскер кызматчылары, Чернобыль АЭСиндеги аварияны жоюууга катышкандар, ошондой эле бала чагынан майыптар, I жана II топтогу майыптар;
   - Кызматтык милдеттерин аткарууда курман болгон же дайынсыз жок болгон аскер кызматчыларынын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин үй-бүлө мүчөлөрү, анын ичинде эрезге жеткенге чейинки балдары;
   - Пенсия курагына жеткен Кыргыз Республикасынын жараны;
   - Эргезге жете элек 4 жана андашык балдары бар жеке адам.
5. Молдо Нияз айыл аймагындагы ар бир кожолуктан алынуучу таштанды чыгаруу үчүн жыйымы жылына 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.
6. Комерциялык багыттагы ишканалардын кызматкерлери үчүн таштандыларды чыгаруу үчүн жыйым киши башына жылына 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.

7. Зоналык коэффициент өлчөмүн белгилөө боюнча мыйзам чегинде талап кылынуучу жумуштарды аткаруу жагы Алга айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.
8. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айылдык кенешинин Экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага: К. Машрапов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**Кыргыз-Кыштак айылы** **Токтом № 6/1** **07.03.2024-жыл**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан турак жай куруу үчүн 200,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө.**

Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан турак жай куруу үчүн 200,0 га, жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан турак жай куруу үчүн 200,0 га, жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго тапшырылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архиткетура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага:** **К. Машрапов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**Кыргыз-Кыштак айылы Токтом № 6/2 07.03.2024**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабына социалдык объект куруугa 2,50 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которуугa (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө.**

Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабына социалдык объект куруугa 2,50 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабына социалдык объект куруугa 2,50 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которуугa (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго тапшырылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архиткетура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага: К. Машрапов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 2-сессиясы**

**Кыргыз-Кыштак айылы Токтом № 6/3 07.03.2024**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Бүргөндү ОПХ айылына социалдык объект (аймактык милиция бөлүмүн) куруугa 0,20 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которуугa (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө.**

Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Бүргөндү ОПХ айылына социалдык объект (аймактык милиция бөлүмүн) куруугa 0,20 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Бүргөндү ОПХ айылына социалдык объект(аймактык милиция бөлүмүн) куруугa 0,20 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которуугa (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго тапшырылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Молдо Нияз айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архиткетура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага: К. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы.** **ТОКТОМ № 7** **18-апрель 2024-жыл.**

## Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетин бекитүү жөнүндө

Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши күн тартибиндеги маселе боюнча Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 12-майындагы № 59 "Бюджеттик Кодексинин" негизинде түзүлүп, айылдык кеңештин бюджет жана экономика комитетинде каралып, талкуулангандыгын эске алып, экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысы Т. Хамралиевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жыл 29-декабрындагы № 370 "Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде административдик аймактык реформа жөнүндөгү" жарлыгынын 1 тиркемесине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 7-февраль 2024-жылдагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" Токтомунун 3 пунктунун 1 подпунктун негизинде Алга айыл өкмөтү, Кыргыз Кыштак айыл өкмөтү жана Совет айыл өкмөтү биригип, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтү болуп аталгандыктан, жогоруда аталган айыл өкмөттөрдүн эсебинде 1-апрель 2024-жылга карата калган жергиликтүү кирешелер жана чыгашалардын калдыктары эсебинен Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджети 38891,6 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Алга айыл өкмөтү, Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтү жана Совет айыл өкмөттөрүнүн 2024-жылга бекитилген бюджетинде каралган киреше жана чыгашалар өзгөртүүсүз Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджетине бириктирилип, бекитилген беренелер боюнча чыгымдар жумшалсын.
3. Чыгымдарды каржылоо биринчи кезекте коргоого алынган беренелер боюнча (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын социалдык фондуна чегерүүлөр) жүргүзүлөт.
4. Чыгашалар боюнча корголгон беренелерге каралган каражаттар штаттык бирдиктер жана нормативдик актылар өзгөргөндө өзгөрүүсү мүмкүн.
5. Бекитилген каражаттар казыналык бөлүмүнөн айланып өтүү жолу менен пайдаланууга тыюу салынсын.

6. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага: К.Машрапов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы.** **ТОКТОМ № 7/1** **18.04.2024-жыл.**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жыл 29-декабрындагы № 370 “Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде административдик аймактык реформа жөнүндөгү” жарлыгынын 1 тиркемесине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 7-февраль 2024-жылдагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” Токтомунун 3 пунктунун 1 подпунктун негизинде Алга айыл өкмөтү, Кыргыз Кыштак айыл өкмөтү жана Совет айыл өкмөтү биригип, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтү болуп аталгандыктан, жогоруда аталган айыл өкмөттөрдүн калкынын санынын 20000 кишиден ашканы эсебинен айылдык кеңеш төрагасы штаты жана чыгашалар бөлүгүндө атайын бөлүм ачуу боюнча маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айылдык кенешинин

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгашалар бөлүгүндө айылдык кеңеш бөлүмү ачылсын.

2. Айылдык кеңеш бөлүмүн ачуу, мыйзамда белгиленген тартипте чыгымдарды беренелер боюнча отургузуу ж.б. керектүү иш аракеттерди жүргүзүү Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановга милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлддөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Машрапов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы** **Токтом № 7/2** **18.04.2024-жыл.**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн экономист-статист кызматы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 19.12.2014-жылдагы №715 токтомунун негизинде статистикалык маалыматтарды жыйноо,тапшыруу боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча Кадамжай райондук мамлекеттик статистика бөлүмү менен Алга айыл өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн келишим жөнүндөгү экономика-каржы бөлүмүнүн башчысы Т.Хамралиевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т**

1. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 19.12.2014-жылдагы №715 токтомунун негизинде статистикалык маалыматтарды жыйноо, тапшыруу боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча Кадамжай райондук мамлекеттик статистика бөлүмү менен Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн келишим бекитилсин.

2. Келишимдеги милдеттенмелерди көрсөтүлгөн шарттарда жана мыйзамдын чегинде аткаруу жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **К.Машрапов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы** **Токтом № 7/3** **18.04.2024-жыл.**

## Молдо Нияз айыл өкмөтүндө Калкты каттоо департаментинин айрым ыйгарым укуктарын аткаруучу кызматкери жөнүндө

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 19.12.2014-жылдагы №715 токтомунун негизинде Калкты каттоо департаментинин айрым ыйгарым укуктарын өткөрүп берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү Министрлиги менен Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн келишим жөнүндөгү экономика-каржы бөлүмүнүн башчысы Т.Хамралиевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

### Т О К Т О М К Ы Л А Т :

1. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 19.12.2014-жылдагы №715 токтомунун негизинде Калкты каттоо департаментинин айрым ыйгарым укуктарын өткөрүп берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү Министрлиги менен Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн келиши бекитилсин.

2. Келишимдеги милдеттенмелерди көрсөтүлгөн шарттарда жана мыйзам чегинде аткаруу жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңештин экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага:** **К. Машрапов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы.** **Токтом №7/4** **18.04.2024-жыл.**

**“Кыргыз-Кыштак” жана “Умай-Эне” айылдарында АРИС уюму менен аткарылып жаткан долбоор жөнүндө**

Элдин турмуш шартын ондоо жана элдин ден-соолугуна кам көрүү максатында “Кыргыз-Кыштак” жана “Умай-Эне” айылдарындагы элди таза-суу менен камсыздоо максатында АРИС уюму менен биргеликте аткарылып жаткан долбоордогу жумуштардын сапаттуу аткарылышын көзөмөлдөө максатында, техникалык көзөмөлдөөчү адис кызматын сатып алуу зарылчылыгы келип чыгууда. Ушул маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Кыргыз-Кыштак” жана “Умай-Эне” айылдарындагы элди таза-суу менен камсыздоо максатында АРИС уюму менен биргеликте аткарылып жаткан долбоордогу жумуштардын сапаттуу аткарылышын көзөмөлдөө максатында техникалык көзөмөлдөөчү адис кызматын сатып алууга уруксат берилсин.

2. Техникалык көзөмөлдөөчү адис кызматын сатып алуу боюнча керектүү иш аракеттерди мыйзам чегинде жүргүзүү, аталган чыгымдар 2024-жылкы бюджетте каралбагандыгын эске алып, каржылоо булактарын тактап, бюджетке тийешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн айылдык кеңешке сунуштоо айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлддөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Машрапов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы.** **Токтом №7/5** **18.04.2024-жыл.**

**Бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшү тарабынан Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына шайкештик аудитин жүргүзүү мезгилинде аныкталган кемчилдиктер боюнча маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшү тарабынан Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына шайкештик аудитин жүргүзүү мезгилинде аныкталган резервдику фонд эсебинен чыгымдалган 20,0 миң сом акча каражаты керектүү берене боюнча жылдырылсын.

2. Жогоруда көрсөтүлгөн кемчилдиктерди жоюу боюнча керектүү иш аракеттерди мыйзам чегинде жүргүзүү Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго милдеттендирилсин

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Машрапов.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**<br>**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы.** **Токтом №7/6** **18.04.2024-жыл.**

**Ош-Раззаков автожолунун Молдо Нияз айыл аймагындагы бөлүгүнүн кириш жана чыгыш жерлерине айыл аймактын аталышы жазылган пано орнотуу жөнүндө**

Ош-Раззаков автожолунун Молдо Нияз айыл аймагындагы бөлүгүнүн кириш жана чыгыш жерлерине айыл аймактын аталышы жазылган пано орнотуу боюнча маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ош-Раззаков автожолунун Молдо Нияз айыл аймагындагы бөлүгүнүн кириш жана чыгыш жерлерине айыл аймактын аталышы жазылган пано орнотууга уруксат берилсин.

2. Айыл аймактын аталышы жазылган пано орнотуу боюнча керектүү иш аракеттерди мыйзам чегинде жүргүзүү Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Машрапов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын**

## ТОКТОМУ № 8

**Совет айылы** **18.04.2024-жыл**

**Молдо Нияз айыл өкмөтүнүн муниципалдык ишканасын түзүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү уюштуруу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы “Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менен камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө” №735 токтомун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы «Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө» №52 токтомун ишке ашыруу максатында Молдо Нияз айыл аймагынын айыл айыл өкмөтүнүн сунушун карап, талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында Молдо Нияз муниципалдык ишканасын түзүүгө макулдук берилсин.

2. Муниципалдык ишкана мыйзам чегинде түзүү, уставын бекитүү, мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**ТОКТОМ № 9**

**Совет айылы** **18.04.2024-жыл**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагындагы Кыргыз-Кыштак айылындагы мамлекеттик фонддун жерлерин түз келишим менен ижарага берүү жөнүндө**

Молдо Нияз айыл аймагынын айыл айыл өкмөтүнүн жер адисинин сунушун карап, талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу жобого ылайык, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн аймагындагы Кыргыз-Кыштак, Кайтпас, Ак-Тилек, Бүргөндү ПМК жана Бүргөндү ОПХ айылындагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин жеке жана юридикалык жактарга тоорук өткөрбөстөн, түз сүйлөшүүлөр жолу менен берилсин.

2. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архиткетура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу камиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К. Машрапов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы** **Токтом № 10** **18.04.2024-жыл**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан турак жай куруугa 200,0 га жер аянтын "Айыл чарба багытындагы жерлери" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жер участокторун которуу" (трансформациялоо) жөнүндө 2013-жылдын 15-июлундагы №145-мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169-токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" убактылуу Жобонун талаптарына ылайык

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13, 17-беренелерине жана Баткен жерге жайгаштыруу экспедициясынын 2024-жылдын 5-апрелиндеги № 01-13/1633 сандуу корутундусуна негиз, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан турак жай курууга 200,0 га жер аянтын "Айыл чарба багытындагы жерлери" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан жалпы аянты 200,0 га жер (мурдакы Орозбеков совхозунун 1993-жылындагы №4690 контурларды эсептөө дело материалына ылайык) жалпы аянты 200,0 га жер, анын ичинен №696-контурундагы 5,10 га жер аянты таштуу жайыт жер, №697-контурундагы 62,4 га жер аянты таштуу жайыт жер, №695`-контурундагы 40,60 га жер аянты таштуу жайыт жер, №697`-контурундагы 24,90 га жер аянты таштуу жайыт жер, №697а-контурундагы 35,0 га жер аянты таштуу жайыт жер, №811-контурундагы 6,80 га жер аянты башка жер (галечник) жана 811`-контурундагы 0,20 га жер аянты башка жер, жалпы 200,0 га мамлекеттик менчиктеги жер аянтын жеке турак үйлөрдү куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин *(4 баракта тиркемеси тиркелет)*

2. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Х.Досановго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К. Машрапов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышын кезектеги 3-сессиясы**

**Совет айылы** **№10/1 токтом** **18.04.2024-жыл**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабындагы 200,0 га жер аянтын өнүгүү программасын бекитүү жөнүндө**

Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабындагы 200,0 га жер мамлекеттик менчиктеги жер аянтын жеке турак үйлөрдү куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулуп (трансформацияланып) жаткан жер аянтынын өнүгүү программасын бекитүү жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабындагы 200,0 га жер аянтына өнүгүү программасы бекитилсин.

2. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтү Х. Досановго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архиткетура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **К.Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

**Алга айылы** **№10/2 токтом** **18.04.2024-жыл**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабындагы “Калктуу конуштардын жерлери” категориясындагы жер тилкелердин тизмесин жарандарга бекитүү жана генералдык планын бекитип берүү жөнүндө**

Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү “Калктуу конуштардын жерлери” категориясындагы жер тилкелердин тизмесин жарандарга бекитүү жана Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабындагы 200,0 га жер аянтынын генералдык планын бекитип берүү маселелерин угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы № 177 жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторунун берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобого таянып, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин жер комиссиясынын протоколунун чечимин негиз кылып, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы № 177 жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторунун берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобого ылайык Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү “ Калктуу конуштардын жерлери” категориясындагы жер аянтынан берилүүчү жер участокторун убактылуу комиссиядан турган комиссиянын чечимине негиз төмөнкү тизме бекитилсин. *(тизме тиркелет)*
2. Турак жай салуу үчүн огород алган жарандар 3 жылдын ичинде курулуш иштерин баштасын, 3 жылдын ичинде курулуш иштери болбосо КР Жер Кодексинин негизинде чара көрүлсүн.
